DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Кыбыева З.Ж., Апжапарова А.Ш., Джороева А.Т.*

# АДАБИЯТ-ЫЙМАН САБАГЫ ЖАНА АЗЫРКЫ МЕЗГИЛДЕГИ БИЛИМ МЕНЕН ТАРБИЯНЫН АКТУАЛДУУЛУГУ

*Кыбыева З.Ж., Апжапарова А.Ш., Джороева А.Т.*

# АКТУАЛЬНОСТЬ СОВРЕМЕННОГО ОБРАЗОВАНИЯ И ВОСПИТАНИЯ ПО ПРЕДМЕТУ ЛИТЕРАТУРА И НРАВСТВЕННОСТЬ

*Z.Zh. Kybyeva, A.S. Apzhaparova, A.T. Dzhoroeva,*

# THE RELEVANCE OF MODERN EDUCATION AND UPBRINGING ON THE SUBJECT OF LITERATURE AND MORALITY

*УДК: 8.800*

*Коом өзгөргөн сайын билим берүү жана тарбия тармагында дагы бир топ жаңылыктар байкалууда. Жаш жеткинчектер менен жаштардын адамдык сапаттарын, кулк-мүнөзүн калыптандыруучу, адеп-ахлактуу инсандарды тарбиялоо үчүн 2004-жылдын 19-июлундагы №545-буйругу менен «Адеп сабагы» предмети киргизилип, мектептерде окутулуп жатат. Бирок, тилекке каршы, кээ бир жер-жерлерде, адеп боюнча толук кандуу билими бар адис окутпагандыгы өтө өкүнүчтүү болуп жатат. Ошондуктан, адеп маданияты маселесиндеги жанды кейиткен көрүнүштөрдү көрсөтүп эле жөн болбой, алардын себептери жөнүндө да айтышыбыз керек. Адеп сабаттуулугу биринчи иретте үйдө, бала бакчада, мектепте, окуу жайда жана коомдук жайларда түптөлөрү, калыптанары белгилүү. Эң биринчи адеп-коомдун, мамлекеттин пайдубалы. Жеткинчектерди, жаштарды адеп-ахлактуулукка тарбиялоодо кыргыз адабиятынын да чоң орду бар. Ар бир көркөм чыгарманын тарбиялык таасирлери мугалим тарабынан биргеликте талданып, анализделинип анан окуучулардын, студенттердин аң-сезимине сиңдирилүү зарыл.*

***Негизги сөздөр:*** *адеп, сабаттуулук, ата-эне, тарбия, рухий байлык, сөз өстүрүү, бала бакча, мектеп, окуу жай, укук, милдет.*

*С развитием общества отмечаются новшества в сфере образования и воспитания. С целью воспитания в молодом поколении человеческих качеств, формирования морально-духовных ценностей 19 июня 2004 года по приказу № 545 в школы республики был введен урок «Этика». Но к сожалению во многих местах нет специалиста по моральному воспитанию, в связи с чем уроки не проводятся на должном уровне. Поэтому мы должны не только указывать на проблемы, касаемые морально-духовного воспитания, но и затрагивать причины возникновения этих проблем. Известно, что морально-духовное воспитание формируется в первую очередь дома, в детских садах, школе и общественных местах. В первую очередь мораль – это основа государства. Место кыргызской литературы в формировании морально-духовного воспитания молодого поколения огромное. Необходимо донести до сознания учеников и студентов влияния каждого художественного произведения на образование и воспитание, которое тщательно подбирается и анализируется учителем.*

***Ключевые слова:*** *мораль, грамотность, родители, воспитание, духовное богатство, развитие речи, детский сад, школа, образовательное учреждение, право, обязанность.*

*With the development of society, innovations in the field of education and upbringing are noted. In order to educate the young generation of human qualities, the formation of moral and spiritual values, on June 19, 2004, by order №545, the Ethics lesson was introduced into the schools of the republic. But unfortunately, in many places there is no specialist in moral education and therefore the lessons are not conducted at the proper level. Therefore, we must not only point out the problems of moral and spiritual education, but also touch upon the causes of these problems. It is known that moral and spiritual education is formed primarily at home, in kindergartens, schools and public places. First of all, morality is the basis of the state. The place of Kyrgyz literature in the formation of the moral and spiritual education of the young generation is enormous. It is necessary to convey to the consciousness of pupils and students the influence of each work of art on education and upbringing, which is carefully selected and analyzed by the teacher.*

***Key words:*** *morality, literacy, parents, upbringing, spiritual wealth, speech development, kindergarten, school, educational institution, right, duty.*

## 1. Окуучуларды жана студенттерди билим, тарбия алууга даярдоо.

Коом адамды тарбиялайт. Ар бир коомдун өзүнүн өнүгүү тарыхы, тутунган идеясы, урааны, берер таалим-тарбиясы болот. Мына ушунун өзү ар бир улуттун өнүгүү жолунда сакталып келүү менен, жаштар үчүн көрөңгөлүү акыл казынасын түзөт. Билимсиз коом болбойт, анын болушу өтө коркунучтуу. Кубаттуу, өнүккөн өлкө болом деген мамлекетте билимдүү адамдардын көп болуусу зарыл. Ошонун негизинде лицей-гимназиялардын, жеке менчик мектептердин саны өсүп, ар бир шаарда балдарга билим берүү борборлору ачылды. Бул борборлордо балдардын тилге, искусствого, кол өнөрчүлүккө болгон шыктарын өнүктүрүү, багыт берүү максаты көздөлүүдө. Бул шыктуу балдар үчүн алардын талантын ойготууга, өнүктүрүүгө шарт түзгөндүк болуп саналат. «Сорос» фонду дагы мектептерди компьютер менен жабдып, көптөгөн жаңы китептерди берүү менен, билим берүү программасын ишке ашырууда. Эгемендүүлүктүн шарапаты менен жүздөгөн жаштарыбыз үчүн чет

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



өлкөлөрдөн билим алууга да зор мүмкүнчүлүк түзүлдү. Азыркы учурдун талабы компьютердик технологияларды өздөштүрүү – бул негизги максат.

**Кесип ээси болуу – бир сөз, ал эми адеп ахлакты бийик сактоо – ар бир адамдын милдети.** Адам болуу – бардыгынын башаты. Демек, адамда улуу сапаттардын болуусу зарыл: толук ыйман-ызааттуулук, адамгерчилик, абийирдүүлүк, гумандуулук, айкөлдүк, жогорку маданияттуулук мунун бардыгы коомубуздун тазалыгын сактайт. Эмнегедир акыркы мезгилде ар кандай себептер менен биздин коомдун рухий казынасы бөксөрүп бараткансыйт. Илгери кыргызда каралбай калган кары, багылбай калган бала, жардамсыз калган бечара болчу беле? Аракечтик менен баңгилик, ушулардан укумдан-тукумга доо кете баштаганы уурулук, сойкулук жана башка көрүп-уксаң үрөйүң учурган шумдуктар элибиздин ар-намысын кордогондук?!

Өз элинин патриоту болуп, эли-жерин сүйүп, элине ак кызмат кылууга эмне жетсин: «Атанын уулу болуу – урмат, элдин уулу болуу – баарынан кымбат» [1]. Кыргыз баласы жер-сууга, тоо-ташка тайынган. Өзүн табигат менен кандаш-жандаш сезген, «жаныбарым» деп кыбыраган макулуктун убал-сообун ойлогон. Сооп табам деп булактын көзүн ачкан. Атаганат, ата-бабаларыбыздын мына ушундай асыл салттарын азыр кайрадан жандандырып, күндөлүк жашоотурмушубузда ыйык тута алсак, анда биз бүгүн дүйнөдөгү эң алдыңкы экологиялык, философиялык маданияттын ээси болбойт белек.

Эзелтен бери эле ата-бабаларыбыз өз эли-жери үчүн жан албай, баштарын канжыгага сайып коюшкан. Ата журттун ар-намысын баарынан бийик тутушкан: «Жоого намыс бергиче, ажалым жетсе өлөйүн, калкым кыргыз сен үчүн, курман болуп кетейин»,- «Манас» эпосунда айтылгандай, ар бир адам өз мекенинин патриоту болсо гана, мамлекет гүлдөйт, өсөт, өнүгөт, күч-кубаттуу өлкөгө айланат.

Жаш адамдардын өнөрүнүн өсүшүнө баа жеткис «Манас» сыяктуу асыл мурастар, элдик оозеки чыгармалар, санат-насыят ырлары, таланттуу адамдар тарабынан жаралган ар түрдүү жанрлардагы чыгармалар жана философ, акын-жазуучулардын айткан накыл сөздөрү дайыма кубат, акыл, дем болот. Жаштыктын өзүнүн жалыны бар, күчүңдү, акылыңды, мээнетиңди өнөргө арнап, адал эмгек менен ийгиликке жетүүгө эмне жетсин.

**2.Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестин окутууда окуучуларды адептүүлүккө тарбиялоо.**

Адабий чыгармадагы окуялар, каармандардын иш-аракеттери, ой-сезимдери, коомго карата болгон мамилеси мектеп окуучуларынын, студенттердин, жалпы эле окурмандардын турмуштук активдүү позициясын калыптандырууда жана аларды адептүүлүккө тарбиялоодо маанилүү факторлордон болуп саналат. Аларды туурап, ошолордой болгулары келип, коомдун алга жылышы үчүн өз салымдарын кошкулары, жат элементтери менен аёосуз күрөш жүргүзүп, аларды коомдон тазалагылары келишет. Мына ушул жерде мугалимдердин ошол чыгарманын идеясын окуучулардын, студенттердин аң-сезимдерине таасир эткендей деңгээлде жеткире бериши чоң роль ойнойт. Бул милдет Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестинде эң сонун берилген.

Адамдын улуулугун адамдын акылмандуулугун жер эне Толгонай энеге баса көрсөтөт. Толгонай эне келини Алиман менен ынтымактуу жашайт. Ал экөө жакшылык жамандыкты тең көрүшөт. Бирге эмгектенишет [7].

Жер эненин да ар бир адам үчүн тарбиялык мааниси зор. Адамдарды эмгекке, ынтымактуулукка, достукка үндөө менен, согушка каршы чыгууга, жер жүзүндө тынчтыктын болушу, адамдардын өзүндө, акыл-эсинде, аракетинде экендигин көрсөтөт.

**Бул чыгарманы окутуудагы башкы нерсе окуу менен тарбиянын биримдүүлүгү, идеялык-саясий, эмгек жана адептүүлүк тарбиясынын органикалык байланышы,** анын натыйжалуулугу, окуучуларыбыздын, студенттерибиздин идеяга берилгендиги, адамдык ишеними, алардын адеп жагынан тазалыгы, эмгекке карата мамилеси, жорук-жосуну, жүрүш-турушу, турмуштук максаты аныкталып, бул нерсе оң натыйжа берүүдө [5].

**3. Балдарды ыймандуулукка тарбиялоодо ата-эненин ролу.**

Өлкөнүн келечеги болгон жаш муундарды адептүүлүккө, боорукерликке, эмгекти сүйүүгө тарбиялоодо үй-бүлө менен мектептин, окуу жайлардын иш-аракети бирдикте жүргүзүлгөндө оң натыйжа берерин турмуштан көрүп жүрөбүз.

Бул багытта жүргүзүлгөн иштер үзүрлүү болсун үчүн мектепте, окуу жайларда окуучулар, студенттер менен ата-энелер, алардын ролу жөнүндө мезгил-мезгили менен ачык жана класстык сааттарды, ар кандай иш-чараларды өткөрүп жүрөбүз. Башкача айтканда, өз ата-энелерин, мугалимдер жамаатын кадырлоого, аларды сыйлоого үйрөтөбүз. Мындай өткөрүлгөн иш-чаралар өз кезегинде ата-энелердин, мектеп, окуу жай, мугалимдер жөнүндөгү оң көз карашын калыптоого түрткү берет. Сабакта, же иш-чараларда акын-жазуучулардын чыгармаларын, белгилүү, башкача айтканда, өмүрү өрнөк инсандардын ата-эне жөнүндө айткандарын пайдаланабыз.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



**Үй-бүлөдө балдарды өрнөктүү тарбиялоо – ата-эненин турмуштук эрдиги.** «Атаны көрүп уул, энени көрүп кыз өсөт», – деген макал да бекеринен эмес [4]. Ошондуктан, ар дайым окуучулар, студенттер менен чогулуш, талкуу, кече, конференция, жолугушууларда болобу мугалим ата-эненин кадыр-баркын көтөрүп, аларды дайыма сыйлоого, урматтоого көнүктүрүү керек. Ушул жерден ата-эне жөнүндө бир-эки ооз сөз козгоого туура келет. Ата-эненин боорукердиги, чынчылдыгы, ак ниеттүлүгү, балдарынын кулк-мүнөзүнө таасир этип, алардын жакшы адаттарды үйрөнүүсүнө көмөк болот. Мыкты ата-эненин насааты, жүргөн турганы, кылган иши, кадыр-баркы, камкордугу балага зор күч болуп, үйдө дайыма ынтымакта болуп турушу, балдарга чыр-чатак, ал гана эмес жаман сөздү да угузбоо – алардын адептүү, сылык, кичи пейил, ыймандуу, адамдарды терең урматтоо духунда өсүшүнө оң таасирин тийгизет. «Балдардын кылык-жоруктарынын тетири же туура өнүгүшү – үй-бүлөдөгү ата-эненин бири-бирине болгон мамилесине байланыштуу», - деген Сухомлинский.

Башаттан ылайланып чыккан суу, дарыяга барып кошулганча тунушу кыйын болгон сыяктуу, үйдөн айныган баланын мектепте же окуу жана коомдук жайларда оңолушу кыйын. Бала үй-бүлөдөн коомдо жашоонун адаттарын үйрөнөт. Адамдарга болгон мамилеси, жүрүш-турушу өзгөрөт. Айрыкча, жаш балдардын кабыл алуусу күчтүү болуп, көбүнчө ата-эненин кылык-жоруктарын, сөздөрүн, адаттарын тез кабыл алышып, өздөрү да ошондой болууга аракет жасашат. Жаштардын өсүүсүнө 4 нерсе күчтүү таасир берери аныкталган. Алар: 1. Үй-бүлө. 2. ММК (массалык-маалымат каражаттары), 3. Чөйрө (теңтуш достору), 4. Мектеп, окуу жай.

Алардын ичинен эң күчтүүсү – үй-бүлө. Ал 35%га чейин таасир берет. Анткени тарбиялоонун очогу – үй-бүлө. Азыркы мезгилде үй-бүлөдө тарбия экинчи орунга коюлуп калган. Бул нерсе өзүнүн терс таасирин берүүдө. Ушул кемчиликтерди чечүүдө ата-эне менен окуу жайдын байланышын чыңдоо максатында тарбиялоонун натыйжалуу түрлөрү жана каражаттары катары төмөнкүлөрдү сунуш кылууга болот:

- Алдыңкы ата-энелердин, жаштардын тажрыйбасын жайылтуу;
- «Инсан таануу» сабагы, б.а., өмүрү өрнөк инсандар жөнүндө дайыма сабактарды өтүп туруу,
- Кыздар жана жигиттер кеңешин, ар түрдүү формаларда өтүү, талкуу, конференция, ар кимдин өткөрүү деңгээлине жараша;
- Жумалык, айлык, жылдык жыйындар;
- Укук коргоочулар менен жолугушуулар
- Кайрымдуулук кечелерин өткөрүү.

**4. Балдарды окутуп жана тарбиялоо-баарыбыздын милдетибиз.**

Өлкөбүздө жаш муундарды окутуп, тарбиялоо өтө зор мамлекеттик маанилүү иш болуп саналат. Үй-бүлөлүк жакшы салттарды коргоо, жаштарды улуу муундардын тажрыйбасында тарбиялоо зарыл. Мында массалык-маалымат каражаттары, теле көрсөтүү, адабият, кино, театр, уюлдук телефондогу заманбап ар кандай оң көрүнүштөгү маалыматтар пайдалуу көп нерсе жасай алат. Мамлекет башчыбыз баштаган жамаатыбыз мына ушундай милдетти мектеп, үй-бүлө, коомчулуктун алдына конкреттүү маселени коюп отурат. Демек, жалпыбыз биргелешип, бул жооптуу милдетти ар-намыс менен бар мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып аткаруу – биздин негизги милдетибиз.

Мектепте, окуу жайда окутуу жана тарбиялоо ишин ажырагыс биримдикте жүргүзүш керек. Биз, мугалимдер, мектептен, окуу жайдан окуучулардын жана студенттердин эркин мүнөзүн калыптандырабыз, алардын эс-акылдуу ойлоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөбүз жана алардын өз ара жолдоштук мамилелерин, достугун, моралдык адебин, турмушка туура көз карашын, патриоттук сезимдерин тарбиялайбыз. Бирок бул сапаттардын бардыгын өнүктүрүү үчүн мектеп, окуу жай, үй-бүлө жана коомчулук толук колдоп, жардам бериши керек. Үй-бүлө, мектеп, окуу жайдын талабы бирдей экендигин ар бир бала менен катар коомчулуктун да ар бир мүчөсү да сезип тургандай болууга тийиш.

Анткени, балдарды окутуп, тарбиялоо бул – ар бир үй-бүлөнүн да жоопту милдети болуп саналат. Ата-энелер бардыгын мектепке жана окуу жайга жүктөп, өз балдары үчүн жоопкерчиликтан четтеп калууга болбойт. Бул жөнүндө улуу педагог А.С.Макаренко ата-энелерге мындай деп кайрылган: «Сиздердин үй-бүлөңүздөрдө, сиздердин жетекчилигиңиздердин астында мамлекеттин келечектеги жарандары, келечектеги ишмери жана күрөшүүчүлөрү өсүп жатат [3]. Бөбөктөр мектепке чейин үй-бүлөдө жана бала бакчада тарбияланышат. Ал эми мектепке киргенден тартып, үй-бүлөнүн башкы милдети, баланын жакшы окушу, адептүү болушуна кам көрүүсү зарыл. Ошондуктан, ата-эне баланы мектепке өткөрүү менен өз милдетинен бошоп калбай, тескерисинче, бала окуй баштагандан тартып, анын ырааттуу түрдө окууга катышышы жана тарбиясына, ошондой эле тапшырмаларды аткарышына бардык шартты түзүп берүүсү өтө маанилүү. «Кесиби жок бала, кешиги жок бала», - деген элибиздин макалы баарыбыздын эсибизде болуп, уул-кыздарыбызга өзүбүздүн жакшы кеңешибизди, ата-энелик акылыбызды айтып, алардын шыгына жараша багыттап, кесипти туура тандоого үйрөтүшүбүз керек.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



Коомдогу өзгөрүүлөргө байланыштуу азыркы мезгилде тарбияга таасир этүүчү өтө орчундуу ааламдык көйгөйлөр пайда болууда. Мисалы:

- Гумандуулуктан алыстоо;
- Адеп-ахлактын төмөндүшү;
- Зордук-зомбулуктун күч алышы;
- Таш боордук, кайрымсыздык;
- Рухий жардылык ( ыйман экологиясы);
- Кылмыштуулук, наркомания;
- Экстремизм.

Ушулардын бардыгы азыркы мезгилде жаштарды тарбиялоодо мурда болуп көрбөгөндөй өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Анткени, жаштарга илим-билимдердин негиздери берилип, ал эми «Адам болуу» билими тайкы болуп жаткандыгы өкүндүрөт. Адамды адам кылып турган нерсе – дили, жан дүйнөсү (руху), адеп-ахлагы болуп саналат. Бүгүнкү күндөгү биринчи даражадагы милдет – ден соолукту жаратуу жана чыңдоо. Дил тазаланбаса – коом тазаланбайт. Жан дүйнө (рух) бекемделбесе – журт бекемделбейт.

**Жаңы социалдык-экономикалык шарттын тарбияга тийгизген таасири.**

Азыркы мезгилде тарбияга коомдогу төмөнкү жагдайлар терс таасирин берүүдө:

1. Базар экономикасына өтүүдөгү карама-каршылыктар;
2. Жакырчылык;
3. Жумушсуздук жана миграция, (ата-энелердин миграциясы, башкача айтканда, бала тарбиялоо экинчи планга түшүп калды);
4. Материалдык байлык күч алып, ач көздүк, акчанын артынан түшүү, жана башкалар;
5. Өзүмчүлдүк, таш боордук, кайдыгерлик [1].

Коомдогу байлар менен кедейлердин ортосундагы ажырым үрөй учурар тездикте өсүп баратат. Мына ушул жана башкалардын бардыгы биздин жаштарыбыздын тарбиясына, көз карашына, маданиятка болгон мамилесине зор таасирин тийгизүүдө. Адамга материалдык байлык канчалык керек болсо, рухий байлык да андан эки эсе көп керек. Ошондуктан, биз тарбиядагы көйгөйлөрдү чечүү максатында бүтүн системалуу иш башташыбыз керек. Бул педагогика, психология илимдерине негизделген иш-чара болуусу зарыл. Азыркы тарбиядагы көйгөйлөрдөн тарбиялоонун жаңы багыттары келип чыгат. Тарбиялык иштердин сапатын жакшыртуу үчүн төмөнкүлөр сунуш кылынат:

- ✓ Жаштарды «жалпы адамзаттык баалуулуктарга» тарбиялоо;
- ✓ Улуттук аң-сезим, ар-намыска тарбиялоо;
- ✓ Рухий байлык, ыймандуулук, адамгерчиликке тарбиялоо.
- ✓ Эркин ойлоп, иштеп, сүйлөөгө тарбиялоо;
- ✓ Жоопкерчиликтүү болууга тарбиялоо;
- ✓ Ишкердикке, маданияттуу атаандашууга тарбиялоо;
- ✓ Өзүн-өзү тарбиялоого үйрөтүү;
- ✓ Укуктук жана экономикалык тарбияны калыптандыруу;
- ✓ Жаңы доордун, турмуштун талаптарына жооп бере билүүгө тарбиялоо.

**Биринчиден,** балдардын тарбия ишин Билим берүү жана илим министрине эле жүктөлбөстөн, Ички иштер, Жаштар, Саламаттыкты сактоо министрликтери биригип, комплекстүү иш-чара иштеп чыкса;

**Экинчиден,** ата-эне баласынын тартипсиздиги үчүн жооп бере турган механизмдерди киргизиш керек;

**Үчүнчүдөн,** ата-энелердин бала тарбиясы маданиятын жогорулатуу үчүн «Энелер мектебин» ачуу зарыл.

**Адабияттар:**


1. Гапыр Мадаминов «Устаттык өнөрү» Б., 2016 93-100-б.
2. К.Акматов, Т.Колдошов, Э. Абдибалиев «Адабиятты окутуунун технологиялары» Ош.,2013 144-б.
3. Эл агартуу журналы Ф.,1986 №7 48-50-б.
4. Эл агартуу журналы Ф.,1989 №3 45-47-б.
5. Эл агартуу журналы Ф.,1978 №7 18-20-б.
6. Эл агартуу журналы Ф.,1988 №7 51-52-б.
7. Муратов А. «Адабият-ыйман сабагы» Б., 1993 3-4-бб.
8. К. Акматов, Э. Абдибалиев «Адеп-ахлактык тарбиялык сабактар» Ош, 2013. - 58-59-бб.
9. Кыбыева З.Ж., Бакирова Э.У., Сатишева Д.Н. Использование игр на уроках кыргызского языка и кыргызской литературы. /Известия ВУЗов Кыргызстана. 2017. №. 12. С. 225-226.
10. Абдуллаев Р.М., Сайдалиев М.Д. Исламов А. Использование средств народной педагогики в повышении нравственного воспитания. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 5. С. 181-183.